**КАСЫМ ТЫНЫСТАНОВ АТЫНДАГЫ
ЫСЫК-КӨЛ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

**Табият таануу факультети
Факультет естествознания**

**Химия кафедрасы
Кафедра химии**

**Г.А. Жумабаева, М.А. Мерканова**

# Органикалык химиядагы изилдөөнүн физикалык-химиялык ыкмалары

**5-Курстун студенттери үчүн органикалык химиядагы изилдөөнүн физикалык-химиялык ыкмалары боюнча кыскача усулдук колдонмо**

# Физико-химические методы исследования в органической химии

**Краткое руководство для лабораторного практикума по физико-химическим методам исследования в органической химии для студентов 5 курса**

**Каракол – 2010**

| | |
|---|---|
| УДК 547<br>ББК 24.2<br>Ж 88 | |

**Рецензент:** к.т.н., доцент А.У. Дейдиева
к.х.н. Жумабаева Г.А.
окутуучу: Мерканова М.А.

Жумабаева Г.А., Мерканова М.А.

**Ж 88** Изилдөөнүн физикалык-химиялык методдору: Кыскача усул. колдонмо изилдөөнүн физикалык-химялык методдору б-ча күндүзгү бөлүмдө окуган студ. үчүн лабораториялык практикум. К.Тынстанов ат. ЫМУ. –Каракол: 2010 - 56 б. текст кыргызча, орусча тилинде.

ISBN 978-9967-441-01-0

Берилген практикумдун максаты жаңы ачылган органикалык заттарды бөлүп алуу, тазалоо жана анализдөө, алардын тазалык даражасын табуу, физика-химиялык туруктуу сандарды аныктоо жана коошулмалардын түзүлүшүн далилдөө ыкмалары менен студенттерди тааныштыруу болуп саналат.

Ар бир лабораториялык ишти аткаруунун алдында студенттер жумушчу программа боюнча лабораториялык ишке дал келген теориялык коллоквиумду тапшыруусу керек.

Методикалык көрсөтмө студенттердин өз алдынча иштерин уюштурууга арналган. Көрсөтмөдө жаңы ачылган органикалык заттарды бөлүп алуу, тазалоо жана анализдөө, алардын тазалык даражасын табуу, физика-химиялык туруктуу сандарды аныктоо жана коошулмалардын түзүлүшүн далилдөө ыкмалары менен студенттерди тааныштыруу болуп саналат.

Методические указания предназначены для организации самостоятельной работы студентов. В руководстве к практическим работам по органической химии дано описание современных методов разделения, очистки и анализа органических веществ, установления степени их чистоты, определения физико-химических констант и доказательства строения соединений.

Перед выполнением каждой лабораторной работы студенты сдают теоретический коллоквиум по соответствующей части рабочей программы.

Ж 17 05 000000-09
ISBN 978-9967-441-04-0

УДК 547
ББК 24.2
© Жумабаева Г.А., Мерканова М.А., 2010.
@ К.Тыныстанова ат. ЫМУ, 2010.

# КИРИШҮҮ

## І БӨЛҮМ
## ХРОМАТОГРАФИЯЛЫК АЖЫРАТУУ, ТАЗАЛОО ЫКМАЛАРЫ ЖАНА ОРГАНИКАЛЫК ЗАТТАРДЫН АНАЛИЗИ

Азыркы убакта ажыратуу, тазалоо, бөлүп чыгаруу жана идентификациялоо хроматографиялык ыкмалары эң жогорку эффектүүлүгүнө жана жөнөкөйлүгүнө байланыштуу маанилүү деп эсептелинип, кеңири колдонулат. Бул ыкма эки фазалуу системадан өтүүдө заттардын түрдүү кыймылдуулугуна негизделген. Анын себеби болуп фазанын компонентери менен заттар ар кандай өз ара аракетенишүүдө болушу мүмкүн.

Хроматографиялык ыкмалары негизги үч түргө бөлүнөт: адсорбциялык, бөлүштүрүү жана ион-алмашуу.

Кыймылдоо фазанын агрегаттык абалына жараша төмөнкүгө бөлүнөт:

1. *газ хроматография, ал өз учурунда газадсорбциялык жана газсуюктук хроматографияга бөлүнөт;*
2. *суюктук хроматографиясы.*

Жылбас фазанын сорбциялык катмарынын геометриясы боюнча *колонкалык* жана *пластинкалык* хроматографияга бөлүнөт.

Пластинкалык хроматографияга *жука катмарлуу* жана *кагаз түрүндөгү хроматография* кирет.

Колонкалык хроматографияга *капиллярдык хроматография* кирет.

Бөлүнүүчү аралашманын колонка аркылуу жылуу ыкмасы боюнчат хроматография төмөнкү түрлөргө бөлүнөт:

-*чыгарып алуучу;*

-*фронталдык;*

-*сүрүп чыгаруучу.*

Эң көп колдонуучу чыгарып алуучу хроматографияда анализдөөнүчү аралашманы кыймылдоочу фазанын агымына мезгил мезгили менен киргизүү керек; колонкада аралашма өзүнчө компоненттерге бөлүнөт, алардын арасында жылып туруучу фазанын зоналары бар болот.

Фронталдуу вариантта жылып туруучу фаза бөлүнүп алынуучу заттар менен бирге тынымсыз колонкага берилет; бул учурда биринчи эң аз сорбцияланган компонентти гана таза абалда алууга мүмкүн. Экинчи жана кийинки зоналарда эки жана андан көп компонент бар болот.

Сүрүп чыгаруучу хроматографияда колонкага бөлүп алынуучу аралашмадан кийин сүрүп чыгаруучу деп аталган затты киргизишет, ал анализденип жаткан компонеттерге караганда жакшы сорбцияланган зат, ошондуктан бир бирине жакын жайгашкан бөлүнүүчү заттардын зоналары пайда болот.

Фронталдуу жана сүрүп чыгаруу варианттарда жүргүзүү тажрыйбанын алдында колонканы регенерация кылуу керек.

Хроматоргафиялык процессти мүнөздөөчү эң негизги критерийлер деп-кармоо, эффективдүү жана бөлүштүрүү даражасы болуп эсептеленет.

Физикалык принциптери боюнча хромотографиялык ыкмалары төмөндөгүчө бөлүнөт. Алар:

- *бөлүштүрүү (кошулманы эки эриткичтин арасынан бөлүү);*
- *адсорбциялык (адсорбент жана эриткичтин арасынан бөлүү);*
- *бөлүп чыгаруу (адсорбент аркылуу кармалган затты башка зат аркылуу сүрүп чыгаруу)* болот.

Хроматография аркылуу заттардын физикалык-химиялык мүнөздөмөлөрүн аныкташат:

- *бөлүнүү коэффициенти;*
- *эрүү жылуулугу;*
- *адсорбцияны;*
- *комплекстүү бирикмелердин туруктуулук константасын;*
- *газ жана суюк фазалардын диффузия коэффициенттерингомогендүү жана гетерогендүү каталитикалык реакциялардын кинетикасын изилдөөдө.*

**Кагаз аркылуу жургүзгөн хроматография** анализдөөчү аралашманын компоненттери кагаз аркылуу эриткичтин агымындагы жылган ылдамдыгынын айырмасына негизделет.

Изилдөөчү эритменин бир тамчысын (1-10 мл) атайы ылайыкташкан кагазга тамчылатып койсо, бул кагаз аркылуу капиллярдуу жана гравитациялуу күчтөрдүн таасири менен эриткич жылуу керек. Экспериментти герметикалык идиште, эреже боюнча айнек идиште жүргүзүү керек. Кагаз кыймылсыз фазанын инерттүү (мисалы, бөлүштүрүүчү жана чөкмө кагаз хроматографиянын), же активдүү кыймылсыз фазанын (адсорбциялык жана ионалмашуу кагаз хроматографиясын) алып жүрүүчүсү болушу мүмкүн.

Көп жолу кайталанган экстракция жана сорбция актылары кайталанган учурда компоненттердин жылуу ылдамдыгы айырмаланганына байланыштуу *бөлүштүрүүчү кагаз хроматографияда* бөлүнүү процессии жүрөт. Суу же туздардын эритмелери ал эми кыймылдуу фаза болуп кислоталардын эритмелери жана органикалык эритмелердеги (спирт, кетон, эфир жана башкалар) комплекс бирикмелерин пайда кылуучу заттар болуп чыгат. Кайталанма фазалар ыкмасында кагазды алдын ала экстрагенттер менен (мисалы, трибутилфосфат, триоктиламин) иштетилип, ал эми органикалык эмес кислоталардын жана туздардын суудагы эритмелери жылуучу фаза катарында колдонулат. Компонеттердин жылуу ылдамдыгы алардын бөлүштүрүүчү коэффициентинен жана кыймылдуу жана кыймылсыз фазалардын көлөмдөрүнүн катышына көз каранды. Бөлүштүрүүчү кагаз хрома-

тография ыкмасы асыл металлдардын аралашмасын, фенолдор, пептиддер, синтетикалык БАЗ ж.б. анализдөөдө жана бөлүп алуусунда колдонулат.

*Чөкмө кагаз хроматографияны* органикалык эмес же болбосо органикалык чөкмө түшүрүүчү (мисалы $AgNO_3$ эритмеси – галогенид жана раданид иондорду бөлүсүндө) эритмелери менен импрегниренген кагаздын бетинде жүргүзүү керек. Пайда болуучу продуктылардын эриткич көбөйтүндүсү аркылуу компонеттердин кыймылдоо ылдамдыгы аныкталат. Чөкмө кагаз хроматографиясы негизинен эритмелердеги аниондорду аныктоо үчүн колдонулат.

*Адсорбциялуу кагаз хроматографияда* кыймылдаган фаза аркылуу суу жана органикалык эмес кислоталардын, үелочтордун жана туздардын суудагы эритмелери колдонулат. Бул түрдөгү кагаз хроматография негизинен гидролиз, гидролитикалык полимеризация жана комплекс пайда болуусун изилдөөдө колдонулат.

Ион алмашуу кагаз хроматография атайы даярдалган кагаз аркылуу жүргүзүлөт. Атайын даярдалган кагазды иониттердин суспензиялары менен (мисалы, ион алмашуучу чайырлар) же болбосо ион алмашуу касиеттүү экстрагенттери менен (мисалы, ди-2-этилгексилфосфат, целлюлозаны кычкылдандыруу жана этерификация ж.б. ыкмалар аркылуу) нымдаштыруу жолу аркылуу алынат. Ион алмашуу кагаз хроматография радиоизотопторду бөлүп алууда, иондорду пайда кылуучу органикалык жана органикалык эмес заттарды бөлүп алууда жана эритмелердеги иондорду изилдөөдө колдонулат.

Кагаз хроматографиянын бардык вариантарында компоненттердин зонасынын жайгашуусу $R_f$ чоңдугу менен мүнөздөлөт, бул чоңдук заттын зонасынын жылган жолу эриткичтин фронтунун жылган жолуна караштуу. $R_f$ чоңдугу ар бир зат үчүн туруктуу сан, жана бул аларды аныктоо үчүн колдонулат.

*Препаративдүү хроматография* таза затты (кошулмасы 0,1%ден жогору болбогон) алуу үчүн хроматографиялык ыкмаларды жана аппараттарды иштеп чыгуусун жана алардын колдонуусун камтыйт. Препаративдүү хроматографиянын өзгөчөлүгү болуп хроматографиялык чоң диаметрлүү (1-30 см) колонкаларды жана компонеттерди чыгаруу жана чогултуу үчүн атайлашкан жабддууларды колдонуусу эсептелет. Лабораторияда 8-15 диаметрлүү колонкаларда 0,1-10 г затты бөлүп алууга мүмкүн, ал эми диаметри 10-20 см болгон жарым өндүрүштүк жабдуулардан болсо- бир нече килограммды бөлүп алууга болот.

Колонканын диаметри чоң болгон үчүн колонканын кесиминде сорбенттин тыгыздыгы бирдей эмес, сорбция жана десорбциянын жылуулук эффектилери бөлүштүрүү процессине таасир кылып, ал эми сорбенттин жогорку катмарында бир убакытта пробанын чоң көлөмүн киргизүүгө

мүмкүн эмес. Бул факторлор препаратидүү колонкалардын эффектүүлүгүн төмөндөтөт, мисалы өнөр жайдагы установкалардын бийиктиги 2-4 мм ден төмөн эмес. Препаративдүү колонкалардын иштеп чыгуусу салыштырмалуу жогору эмес (10 $см^3$, $см^{-2}$, $саат^{-1}$ чейин) жана бул фактор бөлүштүрүүчү заттардын жаратылышынан жана сорбенттин көлөмүнө көз каранды.

*Хромато-масс спектрометрия* деген ыкма негизинен органикалык кошулмалардын аралашмасын изилдейт. Хромато-масс спектрометриянын негизинде колонкалык газ (же болбосо суюктук) хроматография жана масс-спектрометрия турат. Биринчи ыкманын жардамы менен аралашма өзүнчө компоненттерге бөлүнөт, экинчи ыкманын жардамы менен сандык анализ, идентификация жана заттын түзүлүшү аныкталат. Анализдөөчү аралашманы хроматографтын буулантекычына киргизилип, ал жерден бул буу түрүндө алып жүрүүчү газ менен бирге басым аркылуу хроматографиялык колонкага берилип, ал жерде бөлүнөт.

Колонкадан ар бир компонент алып жүрүүчү газдын агымы менен молекулярдык сепараторго берилет, бул жерде алып жүрүүчү газ бөлүнүп алынат. Басым бул жерде атмосфералыктан масс-спектрометрдеги иштеп жүрүүчү басымга чейин төмөндөйт ($10^{-5}$-$10^{-3}$Па). Молекулярдык сепараторлордун иштөө принциби алып жүрүүчү газдын жана анализденүүчү заттын молекулаларынын ар кандай кыймылына же болбосо алардын жарым өткөргүч мембрана аркылуу ар кандай өтүүсүнө негизделет.

Сепаратордон кийин зат масс-спектрометрдин ион пайда кылуучу жерге берилет. Ионизация ылдамдатылган электрондор, бирдей эмес электрон талаасы, газ-реагенттин иондору ж.б. аркылуу жүргүзүлөт. Пайда болгон иондордун саны берилип турган заттын санына пропорциялаш. Масс-спектрометрде орнотулган датчик аркылуу хроматограмманын жазуусу жүргүзүлөт. Ошентип, масс-спектрометр хроматорафтын детектору болуп иштейт. Хроматограмманын жазуусу менен бирдей хроматографиялык чокунун каалаган чекитинде масс-спектр чыгуусу мүмкүн, бул аркылуу туура келген компоненттин түзүлүшүн аныктоого мүмкүн.

Хромато-масс спектрометрия аркылуу жакшы бөлүнгөн эле чокуларды эмес, жакшы бөлүнбөгөн пиктерди да анализдөөгө мүмкүн. Анализдин тактыгы масс-спектрометрдин тактыгына барабар болот $10^{-6}$-$10^{-15}$ г.

## №1 Лабораториялык иш

## Тема: Жука катмарлуу хроматографияны жүргүзүү үчүн пластинкаларды даярдоо

***Иштин максаты:*** Бул иштин максаты жука катмарлуу хроматографияны жүргүзүү үчүн пластиканы даярдоо болуп саналат.

***Жабдылышы:*** Капрон элеги; айнек пластинкасы (аянты болжол менен 9•12 см болгон); капилляр; кювета; жука катмарлуу хроматографияга жабдылган эксикатор же кристаллизатор; атайын жасалган түзөткүч (валик).

***Химиялык реактивдер*:** Алюминийдин оксиди же силикагель, бензолдо эритилген стандарттуу азобоегучтардын пробалары, төрт хлордуу көмүртек.

## Теориялык бөлүгү

Татаал биохимиялык кошулмаларды бөлүп чыгуу үчүн *хроматографияны* колдонууга зарыл. Практика учурунда ар кандай принциптер колдонулат. Колдонуулуп аткан ыкма боюнча колонкалык хроматографияны кагаз хроматографияны, жука катмарлуу, газ, суюктук, ион алмашуу, молекулалык элек аркылуу, же болбосо гель аркылуу жүргүзүлгөн болуп бөлүнөт.

Органикалык аралашмаларды бөлүп алууда хроматографиянын ар кандай ыкмаларын колдонуу мүмкүн болот.

Хроматографиялык ыкмалар ар кандай аналитикалык жана практикалык иштерде: реакциянын жүрүшүн көзөмөлгө алуу; продуктылардын жана реакцияга кирүүчү заттардын тазалыгын жана аныктыгын текшерүү үчүн; заттардын аралашмасын бөлүү үчүн колдонулат. Так жыйынтыкты алуу үчүн ар түрдүү кошулмалардын берилген сорбенттин адсорбциялуу күчүн жана алынган сорбентке тиешелүү ар кандай эриткичтердин элюирлик жөндөмдүүлүгүн эске алыш керек. Мисалы алюминий оксиди үчүн берилген тизмеде адсорбциялык күчүнүн өзгөрүшү төмөнкүдөй катар боюнча өзгөрөт:

$RH<ROR^1<RNO_2<R_3N<RCOOR^1<RNH_2<RNHCOOR^1<ROH<RCOOH$

ал эми элюирлик жөндөмдүлүгү болсо төмөнкү берилген катар боюнча: петролеин эфири< циклдүү гексан < $CCl_4$ <үч хлор этилен< $CS_2$ <PhMe < PhH < $CH_2Cl_2$ < $CHCl_3$ < $Et_2O$ < EtOAc < $Me_2CO$ < дихлорэтан < EtOH < MeOH < $H_2O$ < пиридин < карбон кислотасы болот.

## Тажрыйбалык бөлүгү

1.1. Бекитилбеген катмарлуу алюминий оксидинин пластинкасын даярдоо.

Алюминийдин оксиди абадагы нымдуулукту өзүнө тез сиңирип ала турган касиети үчүн адсорбентти бекем бекитилген идиште сактоо керек, жана сорбциялык касиетин убак убагы менен текшерип туруу керек.

1. Алюминийдин оксидин эки-үч катмарлуу капрон элегинен элеп алуу керек.

2. Эленген адсорбентти алдын ала таза жуулган, аянты болжол менен 9•12 см болгон айнек пластинкасына бир катмар кылып түшүрүш керек (1 сүр.). Атайын жасалган түзөткүч ыкмасы менен бул катмарды түздөө керек.

3. Пластиканын ылдыйкы бөлүгү жагынан 1,5-2 см аралыкта болгон бийиктикте стандартуу бензолдо эритилген азобоегучтун пробалары түшүрүлөт. Түшүрүлө турган чекиттер (тактар) бир тегиздикте, бирибиринен 1,5-2 см аралыкта болуш керек, аны түшүрүш үчүн алюминий катмарына чоюлуп тартылган жипти коюп, түшүрө турган чиймесин алат. Адсорбенттин катмарын бузбаш үчүн ар бир боегучту өзүнө тийиштүү каппиляр менен тиер тийбес кылып тамчылатуу керек.




*1-Сүр. Алюминий оксидинин бекитилбеген катмарын пластинкага бекитүү ыкмасы (а-станок, б-атайын жасалган түзөткүч валик)*

4. Алдын ала даярдалган пластиканы 1-1,5 см бийиктиктен жогору эмес төртхлордуу көмүртек куюлган кюветага бир аз жантык абалында жайгаштырылат. Жантыктын бурчу 20-30$^0$-тан ашпаш керек, себеби андан тик болсо сорбент пластикадан күбүлүп түшүп кетет. Пластиканын жантык бурчун тик кылбай жана аны кюветанын четтерине тийгизбей, пластиканы абдан этияттык менен кюветага коюш керек (2 сүр.).

Бул даярдалган кюветаны эксикатор же кристаллизаторго жайгаштырып, андан кийин эриткичтин нымдалуушу болбос үчүн аны шлифтелген капкак менен жабуу керек (2 сүр.).



*2-Сүр. Жука катмарлуу хроматографияга атайын ылайыкташтырылган эксикатор.*

Элюент пластинканын эң жогорку жагына көтөрүлүп жеткенден кийин аны этияттык менен сууруп чыгып, эриткичтин үстүңкү чегин белгилөө керек.

Кургатылгандан кийин кошулманын компонентеринин жана күбөлөрдүн

$R_f$ функциясын (басаңдаткан факторду) аныктоо керек:

$$R_f = \frac{\text{баштапкы чекиттен заттын түшкөн тагынын ортосуна чейинки аралык}}{\text{эриткичтин баштапкы чекитиненүстүнкү чекке чейинки аралык}}$$

Түссүз заттардын хроматографиясын жүргүзгөндөн кийин пластинканы кургатып алып, жеңил адсорбциялануучу заттын атмосферасына коюлат. Бул шартта пластинкадагы таза сорбент боелуп, заттын тактары түссүз бойдон калат. Кээ бир учурда хроматограммалардын «ачылышында» сорбент менен заттар бир түскө боюлуп чыгышат, бирок чыккан түстүн өңдөрү башка болот. Мындай шартта «ачтыргыч» катары йоддун буусу колдонулат. «Ачтыргыч» идишине пластинканы салуунун алдында пластинканын үстүндөгү эриткичти буулантып, пластинканы кургак алуу керек. Эгерде йод пластинканын үстүнө эрисе, анда адсорбциянын өзгөчөлүгү бузулат. Кристаллдаштырылган йоддун идишине пластинка 5-10 минутага салынат. Андан кийин пластинканы алып таза абага коюп, ашыкча йоддун буулантып кургашын күтөт. Бир аз убакыттан кийин заттын тактарынын четтери тунук чыкканы байкалат.

Хроматографиялык изилдөөнү жүргүзүш үчүн активдүүлүгү III даражадан кем эмес болгон Al оксиди керектелет.

**1 таблица: Al оксидинин активдүүлүгүнөн боегучтун $R_f$-нын көз карандылыгы**

| Боегуч | активдүүлүгү | | | |
|---|---|---|---|---|
| | I | II | III | IV |
| Азобензол | 0.59 | 0.74 | 0.85 | 0.95 |
| *п*-Метоксибензол | 0.16 | 0.49 | 0.69 | 0.89 |
| Судан I (1-(фенилазо)-2-нафтол | 0.01 | 0.25 | 0.57 | 0.78 |

Адсорбенттин активдүүлүгүн жогорулатуу үчүн аны 4-5 саат 450-500$^0$С да ысытып, муздагандан кийин тез эле бекем жабылуучу идишке көчүрүп алынат. Андан кийин активдүүлүгүн дагы бир жолу текшерип алуу зарыл.

## Текшерүү суроолору

1. Хроматографиянын кайсы үч негизги түрү белгилүү?

2. Хроматографиянын ыкмалары эмнеге негизделет?

3. Хроматографиянын ыкмалары менен кошулмаларды бөлүп алуу турмушта кандай колдонулат?

4. Кошулмалардын ар түрдүү класстарынын берилген сорбентке болгон адсорбциялык күчүн сынап алуусу, жана ар түрдүү эриткичтердин берилген сорбентке болгон элюиралык жөндөмү эмнеге керектелет?

5. Эмне үчүн адсорбентти бекем жабылган идиште сактап алып, бир нече убакыттан кийин анын сорбциялык касиетин текшерүү зарыл?

6. Хроматографиялык изилдөөлөрдү жүргүзүш үчүн бекитилбеген алюминий оксиди катмарлуу пластинканы кандай даярдоо керек?

7. Боегучтун $R_f$ алюминий оксидинин активдүүлүгүнөн көз карандыбы?

8. $R_f$ деген эмне жана аны кандай аныктоого болот?

9. Хроматографиялык изилдөөлөрдү жүргүзүү үчүн кандай алюминийдин оксидин колдонууга зарыл?

10. Жука катмарлуу хроматографияны жүргүзүү үчүн кандай эксикаторду колдонууга болот?

## № 2 Лабораториялык иш

## Тема: Белгилүү эмес заттын тазалык даражасын аныктоо

***Иштин максаты*:** Белгилүү эмес заттын тазалык даражасын аныктоону студенттерге үйрөтүү.

***Жабдылышы*:** Капрон элегии, айнек пластинкасы (аянты болжол менен 9•12 см болгон), атайын жасалган түзөткүч (валик), капилляр, кювета, көлөмү 3-4 мл болгон айнек стакандары, жука катмарлуу хроматографияга жабдылган эксикатор же кристаллизатор.

***Химиялык реактивдер*:** Алюминий оксиди же силикагель, аныкталуучу заттардын эритмелери, алдын ала тандалган элюенттер (петролеин эфири, циклдүү гексан, үч хлордуу этилен, , $CS_2$, PhMe, PhH, $CH_2Cl_2$, $CHCl_3$, $Et_2O$ EtOAc, $Me_2CO$, дихлорэтан, EtOH, MeOH, $H_2O$, пиридин, карбон кислоталары).

## Теориялык бөлүгү

Белгилүү эмес жаңы синтез жолу менен алынган заттын хроматографиясын жүргүзүп, тазалык даражасын аныктап алуу мүмкүн. Ал үчүн туура келүүчү сорбентти жана эриткичти карап тандоо керек (пластинкага пробаларды түшүрүү техникаларын №1 лабораториялык иште каралган).

Хроматографияланган заттын тамчы белгиси жайгашкан жери $R_f$-тин санына байланыштуу болот (фронттун катышы) жана аны төмөнкү формула менен эсептеп алууга болот:

$$R_f = \frac{\text{баштапкы чекиттен заттын түшкөн тагынын ортосуна чейинки аралык}}{\text{эриткичтин баштапкы чекитиненүстүнкү чекке чейинки аралык}}$$

$\mathbf{R_f}$ -Ар бир заттын мүнөздөмөсү болуп саналат, бирок сорбенттин жана элюенттин сапатына көз каранды. Ошондуктан каралып аткан заттын $R_f$-нын алынган саны менен ошол эле пластинкага коюлган «күбөнүн» болгон саны менен салыштыруу керек. «Күбө» катары башка метод менен алынган таза зат колдонулат.

Эгерде хроматограммада бир эле тамчы белгиси чыккан болсо, анда затты жекече деп саноого болот.

Азыркы убакта хроматографияга силуфоловдук пластинка кеңири колдонулат. Бул пластинка алюминий фольгасы түрүндө силикагельдин бекитилген катмары жана люминесценттик индикаторы менен капталып алынган.

## Тажрыйбалык бөлүгү

Ишти бекитилбеген жана бекитилген адсорбенттин катмары менен жабдылган пластинкаларга жүргүзүлөт. Иш бекитилген адсорбенттин катмары менен жабдылган пластинкада жүргүзүлсө, ага силикагелдүү (узундугу 5 см, туурасы коюлуп жаткан проболарына жараша болгон) пластинкаларды иштетүү зарыл.

Силикагель айнек, полимердик же болбосо алюминий фольгасына капталып алынган болот.

1. Көлөмү 3-4 мл болгон стакандарга 50-100 мг аныкталуучу заттан жана 1 мл эриткичтен эритме даярдашат. Эриткичтин кайноо температурасы жогору болбош керек.

2. Сынак бекитилбеген катмарлуу пластинкага капилляр менен төмөнкү капталынан 0,8-1 см жогору жана каптал жагынан 2-3 мм алыстыкта коюлат. Заттын түшкөн тагынын оптималдуу диаметри 2-4 мм түзөт.

Коюлуп аткан үлгүнүн саны да оптималдуу болушу керек: жетишпессиздиги хроматограмманын ачылышына, ал эми ашыкчасы эффективдүү бөлүнүүгө тосколдук кылышат.

Хроматограммага пробаны түшүргөндөн кийин, андан эриткичти алып салуу үчүн аны кургатуу керек (күчтүү адсорбциялануучу жана жогорку температурада кайнаган заттар үчүн өзгөчө кылдаттык менен алар: уксус кислотасы, диметилформамид ж.б.).

3. Хроматографиялоо бир нече таза ар кандай элюиралык жөндөмдүү эриткичтерде жүргүзүлөт (элюенттин чеги заттын түшкөн тагынан төмөн болуу керек) жана ар бир тажрыйбада $R_f$-ти аныктоо зарыл.

Эгерде хроматограммада $R_f$ аймагында 0,3-0,6 нын ичинде бир эле так болсо, анда зат жеке зат болуп саналат. Эгерде зат таза эриткичте эки фронтто элюирдентелсе же болбосо баштапкы (I) чекитте калса, анда оптималдуу маанисине жетиш үчүн уюлдук жана уюлсуз элюентердин ар кандай көлөмдүк катыштагы аралашмаларын колдонууга зарыл.

4. Боелгон кошулмаларды көз өлчөм менен аныктоого болот. Боелбогон кошулмаларды йоддун буусуна (металлдык гана катмары бар пластинкаларды) ысытуу жолу менен же болбосо атайын реагенттер аркылуу чачуу жолу менен хроматограммасын ачып алууга болот. Нурлануу аркылуу УФ-жарыгы менен флуоренценттик индикаторлуу пластинка туура келген толкундук узундугу (254 нм-ге жакын) аркылуу заттардын тагынын ачылышын жүргүзүүгө мүмкүн.

## Текшерүү суроолору

1. Хроматографиялангандан кийин заттардын тагынын жайгашканы кандай сандар менен мүнөздөлөт?
2. Флуоренценттик индикаторы менен нурлануу аркылуу заттардын тактарынын ачылышын кандай жүргүзүүгө болот?
3. Сорбент жана элюенттин сапатынан $R_f$ көз карандыбы?
4. Изилденүүчү зат менен «күбөөнүн» салыштыруусун эмне үчүн жүргүзүшөт?
5. Жогорку кайноо температуралуу изилденүүчү затты эмне себептен колдонуу зарылчылыгы жок?
6. Хроматографиянын ачылышына капталган үлгүнүн саны кандай таасир этет?
7. Эмне себептен хроматографияны ар кандай элюирлик жөндөмү бар бир нече таза эритмелерде жүргүзүлөт?
8. Кайсыл учурда зат жеке болуп эсептелинет?
9. $R_f$-тин оптималдык белгиси кайсы учурда чегине жетет?
10. Боелбогон кошулмаларды кандай жол менен ачуу керек?

## № 3 Лабораториялык иш

## Тема: Реакциянын жүрүү абалын көзөмөлгө алуу. Аралашмалардын бирикмесиндеги белгилүү заттардын аныктоосу

***Иштин максаты***: Керексиз процесстерди алдын алуу үчүн реакциянын жүрүү абалын көзөмөлгө алуу жана аралашманын кошулмаларынын белгилүү заттарын аныктоону үйрөнүү.

***Жабдылышы***: Капрон элеги, айнек пластинкасы (аянты болжол менен 9•12 см болгон), атайын жасалган түзөткүч (валик), капилляр, кювета, көлөмү 3-4 см болгон айнек стакандары, жука катмарлуу хроматографияга жабдылган эксикатор же болбосо кристаллизатор.

***Химиялык реактивдер***: Алюминий оксиди же болбосо силикагель, аныкталып жаткан заттардын эритмелери, алдын ала тандалган элюенттер.

## Теориялык бөлүгү

Хроматографиянын жардамы менен реакцияга кирүүчү заттардын реакцияда пайда болуучу заттарга айлануу даражасын, ашыкча заттардын пайда болуусун алдын алуу менен реакциянын жүрүү абалын көзөмөлгө алуу иш жүзүнө ашырылат.

Ал үчүн туура келген оптималдуу шартты жана хроматографиянын түрүн тандап алуу зарыл. Хроматографиялык көзөмөл мезгил мезгили менен реакциянын акыркы пайда болуучу заты бөлүнүп чыккыча жүргүзүлөт.

Хроматограммада бир гана так түшкөнү реакциянын толук жүрүп өткөнүн көрсөтөт. Эгерде акыркы пайда болуучу зат хроматограммага боелбогон такты берсе, анда аралашманын компоненти менен түстүү реакция берүүчү реагент менен хроматограмма иштелип чыгат. Аналитикалык ыкма катары бөлүүчү хроматография аралашманын же акыркы реакцияда пайда болуучу заттын тазалыгын аныктайт.

## Тажрыйбалык бөлүгү

3.1 Реакциянын жүрүшүн байкоо.

Алдын ала реагенттерге оптималдуу элюент тандоо керек (№2 лабораториялык ишке кайрылуу керек). Реакциялык массанын ичинен «күбөө» катары алынган реагенттердин проболорын бир пластинкага өзшнө түшүрүү керек.

Бир канча убакыттан кийин кайрадан «күбөө» аркылуу хроматограммалык байкоону жүргүзөбүз.

Эгерде хроматограммадагы реакциялык массадагы реакцияга кирүүчү заттын үлгүсүнүн (пробасынын) тагы жоголсо, анда реакция аягына чейин жүрдү деп эсептейбиз.

3.2 Бирикмелердин аралашмасында белгилүү заттардын бар экендигин анык болуусун аныктоо. Иштин аткарылышы боюнча бул иш №3 лабораториялык ишке түспөл. Үлгүнү (пробаларды) даярдоо жана элюирлөө № 2 лабораториялык иште каралган.

Өзүнчө стакандарга тандалган эриткичтерге жеке заттар жана аралашмалар эритилет (эриткич справочник аркылуу тандалат). Үлгүлөр бир пластинкага түшүрүлөт. Хроматография ар кандай эриткичтерде же болбосо алардын аралашмаларында жүргүзүлөт. Белгилүү заттардын $R_f$ дал келсе жана ал заттар аралашмаларга кошулса анда белгилүү заттар кошулмада бар экендиги далилденген болот.

## Текшерүү суроолору

1. Хроматограмма аркылуу заттарды бөлүштүрүүдө адсорбция менен бөлүштүрүү кандай ролду ойнойт?

2. Бөлүштүрүү хроматограммасын жүргүзүдө кандай суюктуктар колдонулат?

3. Аралашмалардын компоненттерин бөлүштүрүү эмнеге негизделет?

4. Сорбент катары кандай заттар колдонулат?

5. Сорбент адсорбциялаган органикалык кошулманы кандай эриткич менен сүрүп чыгарууга болот?

6. Эриткич кыймылдуу фаза катары колдонулса кандай уюлдуу же болбосо уюлсуз зат кыймылсыз фаза катары колдонулат?

7. Реакция жүрүү абалын эмне үчүн байкоого алуу керек?

8. Хроматограммада жана оптималдуу эриткичте элюирлөө аркылуу жүргүзүлгөндө кошумчанын так чыгуусу эмнени көрсөтөт?

9. Эмне үчүн «күбөлөр» менен хроматографиялык байкоо мезгил мезгили менен жүргүзүлөт?

10. Хроматограмма аркылуу реакция толук жүрүп өткөнүн кандай билүүгө мүмкүн?

11. Хроматографиянын кандай үч негизги түрлөрү белгилүү, жана хроматографиянын кайсы түрү кошулмалардын аралашмасындагы белгилүү заттарды аныктоо үчүн колдонулат?

12. Хроматография жүргүзүүдө чыккан тактардын жайгашкан абалы кандай сан менен мүнөздөлөт жана кайсы формула менен эсептелинет?

13. Аныкталуучу заттын тазалыгын кандай жол менен аныктоого болот?

14. Заттардын аралашмаларын бөлүп алууда адсорбция кандай ролду ойнойт?

15. Аныкталуучу зат жана «күбө» катары алынган заттардын $R_f$-сандарын салыштыруу эмне үчүн жүргүзүлөт?

16. Түссүз заттардын хроматографиясын кандай жол менен ачууга болот?

17. Үлгүлөрдү даярдоо жана элюирлөө кандай жүргүзүлөт?

18. Жеке заттарды жана аныкталуучу кошулмалардын аралашмасын эритүүдө эриткичтер эмненин негизинде тандалып алынат?

19. Аралашмадагы кошулмалардын жана белгилүү заттардын $R_f$ нин дал келиши эмнени аныктайт?

## №4 Лабораториялык иш

## Тема: Жука катмарлуу препаративдик хроматография

***Иштин максаты***: Реакциялык аралашманын жука катмарлуу препаративдик хроматографиясын жүргүзүүнү үйрөтүү.

***Жабдылышы***: Айнек пластинка (аянты болжол менен 9•12 см болгон), атайын жасалган түзөткүч (валик), капилляр, кювета, көлөмү 3-4 мл болгон айнек стакандар, пипеткалар, жука катмарлуу хроматографияга жабдылган эксикатор же кристаллизатор, Шоттун фильтри.

***Химиялык реактивдер***: Аныкталуучу кошулмалардын эритмеси, дал келүүчү элюиралык система.

## Теориялык бөлүгү

Заттардын аралашмасын препаративдик жол менен так бөлүп алуу үчүн, алдын ала аналитикалык жука катмарлуу хроматографиянын жардамы менен туура келген адсорбентти жана элюирлик системаны тандоо керек (№ 4 лабортариялык ишти кара).

Аралашманын керектелүүчү компонентинин $R_f$-инин оптималдуу мааниси 0,30-0,35-ти түзөт. Эгерде эки же андан көбүрөөк компонентерди бөлүп алуу зарыл болсо, анда ар бир компонентке жеке элюент тандап алуу керек.

Эгерде компоненттердин $R_f$-нин айырмачылыгы чоң болсо, бөлүү жөнөкөйлөнтүлөт: бул учурда хроматографиялоо биринчи начар уюлду эриткич менен жүргүзүлөт, андан кийин уюлдуу эриткичке алмаштырылат.

Алынган жыйынтыктар аналитикалык жука катмарлуу хроматографиядан препаративдик ыкмаларга адекваттык өтүүгө негизги жол болуп саналат.

Препаративдик бөлүүнүн алдында аралашманын салмагын өлчөп алуу керек.

# Тажрыйбалык бөлүгү

4.1.Жука катмарлуу хроматография ыкмасы аркылуу заттардын аралашмасын (реакциялык массаны) препаративдик жол менен бөлүп алуу.

1) Хроматографиянын оптималдуу шартын тандап алып (теориялык бөлүмдү кара) бекитилбеген катмарлуу пластинканы даярдоо керек.

Жакшы бөлүп алуу үчүн өлчөмү 0,005-0,04 мм болгон бөлүкчөлөргө максатка ылайык тандалып алынган сорбентти колдонуу зарыл. Сорбенттин саны жана пластинканын өлчөмү бөлүнүүчү аралашманын салмагы менен аныкталат.

2) Тартылып алынган жипти тиер тийбес тийгизип, баштапкы чекиттин чийинин белгилейт. Аралашманын концентрацияланган эритмесин пипетканын жардамы менен баштапкы чекиттин чийини аркылуу тактар кошулуп кетпес үчүн алар бир нече интервалдуу аралыкта түшүрүлөт. Эритменин көлөмү жана пластинканын размери бөлүнүп жаткан аралашманын салмагына жараша аныкталат.

Кийинки сынактар (пробалар) биринчи коюлган тактар кургагандан кийин алардын аралыгына коюлат. Эгерде тактар ашыкча коюлса, анда бөлүнүү эффектиси начар болоорун эске алып, операцияны бир нече жолу кайталоого болот. Андан кийин элюирлөө жүргүзүлөт (№2 лабораториялык ишти кара). Пластинка кургатылгандан кийинки жүргүзүлгөн, кайталанган хроматография $R_f$-нин саны жакын болгон бөлүнүүчү заттардын бөлүнүүсүнүн так чыгарылышын белгилеп өтүү керек.

УФ-кызыл-көк индикаторлуу сорбентти иштетүү учурунда УФ-жарыгында чыккан кошулмалардын чийиндерин скальпельдин жардамы менен белгилеп алуу керек. Эгерде адсорбенттин составында индикатору жок болсо, анда перпендикулярдуу коюлган айнек пластинкасы аркылуу капталынан алынган болжол менен 1 см болгон кесиндини бөлүп алып йоддун буусунун жардамы менен анын чыгарылышын жүргүзүү керек.

Сорбенттин ар бир белгиленип алынган кесиндисине аягы узартылган айнек түтүкчө салынып, резина пробкасы менен бекитилген Шота фильтринин жардамы менен чогултулуп алынат. Фильтрдин экинчи жагы суу чыгуучу насоско бекитилет.

1. Уюлдуу эриткичти колдонуп, (мисалы ацетонду) адсорбцияланган кошулмалар фильтрден жуулуп чыгарылат. Фильтраттар дагы бир жолу тыгыз фильтр кагаз аркылуу чыпкаланат да андан соң хроматографиялык байкоо жүргүзүлүп кургаганга чейин ысытылат.

Ар бир компонентин калдыгынын салмагын аныкташат. Эгерде жука катмарлуу хроматографиянын жыйынтыгы боюнча эффективдүү бөлүнүү болсо, анда же пластинкага масса боюнча болгон салмагын азайтуу керек, же хроматография жүргүзүүнүн башка шартын алуу керек.

## Текшерүү суроолору

1. Заттардын аралашмасын препаративдик жол менен ийгиликтүү бөлүп алууга кандай адсорбент жана элюирлик система талап кылынат?

2. Аралашманын алынуучу негизги копонентинин $R_f$-нин оптималдуу саны эмнеге барабар?

3. Эки же андан көп компонентти бөлүп алууда элюентти кандай шарт менен тандоо керек?

4. Түссүз заттардын аралашмасын бөлүп алууда элюирлөөнүн жүрүшүн байкоо кандай жүргүзүлөт?

5. Хроматографиялоо жүргүзүүдө оптималдуу шарты кандай тандап алууга болот?

6. Аралашманы так бөлүп алууда кандай сорбентти колдонуу керек?

7. $R_f$-нин сандары жакын болгон заттарды кантип бөлүп алууга мүмкүн?

8. Адсорбцияланган кошулмаларды фильтрде жууп чыгаруу кандай жүргүзүлөт?

9. Кургатылган пластинканын кайталоо хроматографиясы кандай жүргүзүлөт?

10. Жука катмарлуу хроматографиянын жыйынтыгы боюнча эффективдүү бөлүнүү жүрбөсө эмне кылуу зарыл?

## № 5 Лабораториялык иш

## Тема: Колонкалуу хроматография ыкмасы боюнча органикалык заттарды (реакциялык массаны) препаративдүү бөлүп алуу

***Иштин максаты***: Колонкалуу хроматография ыкмасы боюнча органикалык заттарды (реакциялык массаны) препаративдик бөлүп алууну үйрөтүү.

***Жабдылышы***: Айнек пластинка (аянты болжол менен 9•12 см болгон), атайын жасалган түзөткүч (валик), капилляр, кювета, көлөмү 3-4 мл болгон айнек стакандар, пипеткалар, жука катмарлуу хроматографияга жабдылган эксикатор же кристаллизатор, аныкталып аткан аралашманын эритмеси, туура келүүчү элюирлик система.

## Теориялык бөлүгү

Колонкалык хроматография жүргүзүүдө хроматография жүргүзүүчү колонка катары диаметри 1-ден 12 мм жана узундугу 25-30 см болгон айнек бюретканы колдонууга болот.

Колонканын түбүнө кебездин үзүндүсүн кою керек. Хроматографияга колдоно турган алюминийдин (III) оксидин электен элеп колонкага кургак бойдон салуу керек же болбосо эриткичти колдонуп суспензияны даярдоо керек.

Биринчи ыкма боюнча эриткич менен толтурулган колонкага алюминийдин (III) оксидин жай салуу керек. Адсорбент бирдей тыгыздалыш үчүн колонканы (жыгач же болбосо резина трубка кийгизилген айнек таякча менен) этияттык менен тынымсыз соккулап туруу керек.

Сорбенттин жогору жагын кебездин тампону менен жабуу керек. Эриткичти минутасына 15-20 тамчы тамчылатып ылдамдык менен ачуу керек.

Эгерде ылдамдыгы төмөн болсо, анда колонканын ичине басымды көтөрүү же болбосо вакуумду түзүү керек. Ал үчүн колонканын жогору жагын кабыл алуучу идиш менен аба кирбегендей кылып бириктирип суу чыгуучу насоско кошу же болбосо кысылган абаны берүү керек.

Качан эриткичтин деңгээли колонканын жогорку чегине жеткенде, адсорбенттин жогорку бөлүгүнө ар дайым бир нече суюктуктун катмары тургандай кылып, жогорку бөлүгүнө эритмени этияттык менен куюп алуу керек (3 сүр.).



*3-Сүр. Хроматографиялык колонкалар: 1-элюент; 2-сорбент; 3-кебез; а) заттардын аянты.*

Эритме колонкадан толук агып өткөндөн кийин, ага таза элюентти чоң эмес бөлүктөр менен куюп алуу керек. Элюент өткөн учурда заттын бөлүнүү процесси жүрөт. Боелгон заттардын бөлүнүүсү менен боелгон аянтын пайда болуусун байкоого болот.

Түссүз заттардын аралашмасын бөлүүдө бирдей көлөмдүү фракцияларды алып, элюирлөөнүн жүрүшүн байкоого болот.

Эриткичти айдап алып, калган ар бир фракциядан туруктуу сандарын аныктоого болот.

Кээ бир убакта, колонкадагы заттардын бөлүнүүсүн флуоресценттин кызыл-көк жарыгында байкоого мүмкүн.

## Тажрыйбалык бөлүгү

Жогоруда көрсөтүлгөндөй жука катмарлуу хроматографиянын ыкмасы боюнча оптималдуу шартты тандап алуу керек. Колонканын тандалмалуулугу (узундугун жана диаметрин) канча сандагы затты бөлүү керек жана бөлүүнүн максатына жараша аныкталат.

Заттардын аралашмасын группаларга бөлүп алууда же болбосо алынуучу продуктысынын $R_f$ кошулма заттардын тура келүүчү көрсөткүчтөрүнөн көп айырмаланса (>0,6), анда ички диаметри чоң болгон колонкалар жарайт; бул учурда адсорбенттин салмагынын жана хроматографиялануучу пробанын катышы чоң эмес болушу мүмкүн (10:1 ден 30:1 чейин). Бул учурда адсорбенттин бөлүкчөсүнүн өлчөмү анчалык мааниге ээ эмес. $R_f$-Нин саны жакын болгон компоненттерди бөлүү үчүн, ичке жана узунураак колонкаларды тандоо керек, адсорбенттин ашыкча алынган массасы бөлүнүүчү аралашманын салмагына салыштырганда көп эсе чоң болушу керек (100-200:1). Бул максат үчүн адсорбенттин бөлүкчөлөрүнүн өлчөмү 0,015-0,06 мм болуу керек.

Элюенттин колонка аркылуу салмак күчү аркылуу атмосфералык басымдын таасири астында, же болбосо элюент ашыкча басым менен берилгенде жүрөт. Колонканын төмөн жагында анча көп эмес вакуумду түзүү менен жүргүзүлгөн хроматография анча эффективдүү болбойт.

Колонкалуу хроматографияны жүргүзүүдө пористелген бир жагы туюк болгон айнек пластинкалуу трубкалар колдонулат, же болбосо колонканын төмөн жагына кебездин (стекловатанын) тампону салынып 1 см болгон кумдун катмары себилет.

Колонканы толтуруу («нымдуу ыкма») эң жакшы оптималдуу жыйынтыктарды алуу үчүн бөлүкчөлөрдүн өлчөмү 0,04-0,08 мм болгон адсорбентти колдонуу керек. Колонканы алдын ала даярдалган уюлдуулугу аз эритмеде эритилген кою сорбенттин суспензиясы менен толтурулат. Адсорбент бастырылгандан кийин колонкага мезгил мезгили менен эриткичти кую керек, колонканын көлөмүн бирдей толтуруу үчүн колонканы шлангдын кесилмеси менен каккылоо керек. Эгерде сорбенттин деңгээли өзгөрбөсө, анда толтурууну болду деп саноого болот.

Эч качан адсорбенттин кургашына жол бербеш керек. Сорбенттин үстүндөгү элюенттин деңгээли (колонканын диаметрине жараша) 4-7 мм ди түзүш керек. Колонкага пробаны салуу алдында, ага колонканын диаметринен бир нече кичине болгон фильтр кагазынын тегерекчеси салынат.

## Үлгүнү салуу ыкмасы

1. Концентрацияланган эритмени алыш үчүн үлгүнү уюлдуулугу аз эриткичте эритип алып пипетка аркылуу хроматографиялык колонкага тамчылатат. Пипетканы жана сынак эритилген идишти көп эмес көлөмдөгү

эриткич менен чайкап алып, аны да колонкага тамчылатуу жолу менен куюп алат. Колонкага куюлган эритме адсорбентке сиңгенден кийин хроматографияны баштоо керек.

Сынактын эритмесинин көлөмү чоң болсо, аны колонкага киргизген бөлүктөр боюнча жүргүлөт, бирок аралашманын куюлган орду ичке болуп түшүү керек.

2. Эгерде үлгүнүн уюлдуулугу аз эритмеде толук эмес эритилсе, же эритилбесе, анда аны уюлдуу эриткичтин минималдуу көлөмүнө эритип алып алынган эритмени уюлдуулугу аз эриткич менен суюлтуу керек.

3. Эгерде үлгү өтө илешкээк болуп же ар кандай уюлдуу кошулмалардын аралашмасы болсо, анда жеңил учуучу уюлдуу эриткичте эритип, алынган эритмени колонканы толтурууда колдонулган адсорбент менен аралаштырып алуу керек. Комнаталык температурада вакуум аркылуу эриткичти буулантып алгандан кийин, калган калдыкты кургак адсорбент менен аралаштырып алып, аны биринчи толтурууда колдонгон ыкма боюнча колонкага салуу керек.

## Хроматографиялоо

Сынак колонкага салынгандан кийин, сорбция жакшы жүрүш үчүн, ага бир аз сандагы эриткичти берүү керек. Операцияны 2-3 жолу кайталоо керек. Көп компоненттүү аралашманы бөлүүдө элюирлөөнү жүргүзүүдө уюлдуулугу аз эриткичти колдонуп баштоо керек. Хроматографиялоо процессинин түрүнөн жана масштабынан сынак алуунун ылдамдыгы жана фракциянын көлөмү көз каранды. Бир нече белгилүү интервалдын ичинен алынган фракцияларды жука катмарлуу хроматография ыкма аркылуу анализдеп, керектүү учурда бириктирүү керек. Бириктирилген фракциядан эриткичти айдап чыгаруу же вакуумдагы ротор-бууланткыч аркылуу алуу керек.

Хроматографияланууучу сынактын элюирлөөнүн жүрүшү токтоп калуусуна чейин жогорку процессти улантуу керек. Андан кийин аралашманын элюирлөө жөндөмүн жогорулатуу үчүн системанын уюлдуулугу көбүрөөк компоненттин бир нече жолу бөлүп, же акырындык менен куюп, анын кармалышын көбөйтүү керек. Фракциянын чогултуусу жана кийинки иштеп чыгуусун жогору жакта көрсөтүлгөндөй жүргүзүү керек.

Лабораториялык журналга хроматографиялоо бөлүүнүн түшүндүрүлүшүндөгү сынактын салмагын, ички диаметрин, колонканын узундугун, адсорбентке караштуу чыгаруу фирмасын, салмагын, бөлүкчөлөрдүн өлчөмүн, активдүүлүгүн жазуу керек, кандай эриткич колдонулганын, фракциянын санын, алардын көлөмүн, жекече же кошулган фракциялардын калдыктарынын салмагын, алардын өзгөчөлүгүн (мисалы, өңүн, кристаллдаштырууга жөндөмдүүлүгүн ж.б.) дагы көрсөтүү зарыл.

## Текшерүү суроолору

1. Колонкалуу хроматографиянын кандай эки жолу белгилүү?

2. Колонкадан эриткич кандай ылдамдык менен агып чыгуу керек?

3. Эгерде агып чыгуу ылдамдыгы кичине болсо эмне кылуу зарыл?

4. Эмне үчүн адсорбенттин үстүндө сөзсүз суюктуктун кичине катмары болу керек?

5. Боелгон заттардын бөлүнүүсүн кантип байкоо керек?

6. Боелбогон кошулмалардын аралашмасын бөлүп алууда элюиралоонун жүрүшүн кантип байкоо керек?

7. Алынуучу заттын $R_f$ саны кошумча алынган заттардын туура келген санынан чоң айырмачылыгы болсо (>0,6), кандай колонкаларды колдонуу зарыл?

8. $R_f$ Саны жакын болгон компоненттерди бөлүп алууда кандай колонканы колдонууга зарыл?

9. Адсорбенттин кургашына эмне үчүн жол бербеш керек?

10. Сынактарды колонкага киргизүүнүн кандай жолдору белгилүү экен?

# II БӨЛҮМ

## ОРГАНИКАЛЫК КОШУЛМАЛАРДЫН ФИЗИКА-ХИМИЯЛЫК ТУРУКТУУЛУКТАРЫН АНЫКТОО

Ар бир органикалык кошулма туруктуу физикалык касиеттери менен мүнөздөлөт, алар көбүнчө температурага жана басымга көз каранды болот. Айтылып өткөн физикалык касиеттеринин ичинен эң жеңил жол менен балкып эрүү температурасы, кайноо температурасы, сынуу көрсөткүчү жана тыгыздыгы аныкталат; ошондуктан жекече кошулмаларды көрсөтүүдө алардын мүнөздүү физикалык касиеттери химиялык адабияттарда, китепчелерде, справочниктерде жана атайын таблицаларда берилет.

Берилген заттын тазалыгын далилдөөнүн жөнөкөй жолу болуп анын физикалык туруктуулуктарын адабиятта көрсөтүлгөн берилиштер менен салыштыруу керек. Кристаллдаштырылган заттын тазалык даражасын изилдөө үчүн анын балкып эрүү температурасын, ал эми суюктуктар үчүн – тыгыздыгын, кайноо температурасын, жана сынуу көрсөткүчүн аныктоо жетиштүү болот.

Таза зат белгилүү температурада эрийт. Заттын арасындагы кошулмалар аны менен катуу эритмени аз пайда кылат; алар кадимки абалда текши эмес бөлүштүрүлөт, анын кесепетинен заттын эрүүсү тез эмес, бирок температуранын аралыгында (бир нече градуска чейин) жүрөт; жана толук эрүүсү таза заттын эрүү температурасынан төмөн болот. Жыйынтыгын са-

лыштырууда, кайра кристаллдаштырууда колдонгон эриткичти көрсөтүү зарыл. Эгерде заттын туруктуулугу кайра тазалоодо өзгөрбөсө, анда ал зат жетиштүү таза деп эсептелинет.

## № 6 Лабораториялык иш

## Тема: Органикалык заттын эрүү температурасын аныктоо

***Иштин максаты***: Органикалык заттын эрүү температурасын аныктоону үйрөтүү.

***Жабдылышы***: Термометр, электр плиткасы, айнек капилляр, шакекче, лапкасы, торчосу бар темир штатив, скальпель, лупа, фильтр кагазы, парафин, стеарин кислотасы.

### Теориялык бөлүгү

Катуу зат үчүн анын эрүү температурасы мүнөздүү туруктуулук деп эсептелинет. Ал препараттын тазалыгынын көрсөткүчү деп саналат. Көп учурда молекулалык формуласын, эрүү чекитин, жана кээ бир жеңил аныкталынуучу химиялык туруктуулугун (мисалы, нейтралдашуу саны) тышкы көрсөткүчтөрү жана затты алуу булагы жөнүндөгү маалымат заттын химиялык табияты жөнүндө жетиштүү билсек болот.

Мисалы, заттын эмпирикалык формуласы $C_{16}H_{32}O_2$ болсун. Тышкы көрүнүшү боюнча ал малдын тоң майына окшоп, кислота болуп, нейтралдаштыруу саны боюнча бир карбоксил группага ээ болуп турат; каныккан зат, эрүү чекити $62^0C$ экен. Муну пальмитин кислотасы деп сунуш кылса болот. Аны далилдөө үчүн бул затты бирдей көлөмдө таза пальмитин кислотасы менен аралаштырып, ал заттын эрүү температурасын аныктоо керек. Эгерде ал температура $62^0C$ болсо, анда изилденүүчү зат чыныгы пальмитин кислотасы болуп саналат.

### Тажрыйбалык бөлүгү

6.1. *Термометрдин шарикчеси аркылуу эрүү температурасын аныктоо.*

Эрүү температураны аныктоонун алдында шарикчеси өйдө жакка багытталып турган термометрге изилдөөчү заттын чоң эмес кристаллын жайгаштырып, аны электроплиткадан бир нече аралыкта (1-2 см) кою керек (аралыгы жана ысытуу күчү заттын эрүү температурасынан аныкталат; андан тышкары эрүү чекитинин жанында температуранын көтөрүү ылдамдыгы 3-4 мин түзүү керек). Заттын үлгүсү термометрдин жылыган шарикчесинен келүүчү жылуулук аркылуу эрийт, жана анын салмагы жетиштүү деңгээлде аз болгондуктан балкып эрүү анын эрүү температурасына жетер

зама жүрөт (кээде тез аралыкта катуу ысыткандыктан дагы). Бул ыкма жакындаштырылган гана жыйынтыкты берет.

6.2. *Айнек капиллярдагы заттын балкып эрүү температурасын аныктоо.*

Айнек капиллярдагы заттын балкып эрүү температурасын так аныктоо үчүн затты айнек капиллярга жайгаштырат. Капиллярдагы жогорку температурада эриген диаметри 8-10 мм болгон айнектен даярдайт.

Алынган капиллярдык жипченин ички диаметри 0,8-10 мм болуп, 4-5 см кылып кесип бөлүү керек. Бөлүү чийини түз болгонуна багыт алыш керек, себеп дегенде капиллярдагы толтуруу кыйындыкка туруп калат. Мындан кийин кесилген капиллярды бир жагынан бүтөө керек, ал үчүн аны акырындык менен жалынга жакындатат.

Капиллярдын зат менен нык болуп толтурулган бөлүгү 4 мм ге жакын болуу керек. Бул үчүн анализге алынуучу заттын кичине бөлүгүн сааттын айнекчесинде айнек мыктын жардамы менен абдан майдалап алуу керек. Бул жерге чогултуп жана ага капиллярдын ачык жагын салганда, анын ичинен аз бөлүктө изилденүүчү зат кирет. Ичине кирген затты жылдырып ыкташ үчүн капиллярды бүтөлгөн жагы менен узундугу 90-100 см болгон вертикалдуу абалда айнек пластинкасына коюлган айнек түтүкчөнүн ичине таштап түшүрүү керек. Ушул ыкма менен 2-3 капиллярды толтурат. Эгерде анализге алынган жеңил айдап алуучу, жеңил учуучу же эрүү учурунда ажыроого учураса, анда капиллярдын ачык жагын бекитүү керек. Мындай учурда лабораториялык журналга ажыроого учураган температураны көрсөтүү керек.

Мындан кийин эрүү температурасын аныктоону ар кандай приборлор аркылуу жүргүзүү керек.



[redacted]

*4-Сүр. Балкып эрүү температурасын аныктоо прибору*

Бул прибордогу жабдыктын колбасы глицерин, конц. $H_2SO_4$ , же жогорку температурада кайнаган силикон майы менен толтурулат. Термометрди резиналык пробкага бекитип, атайын пробиркага салып, колбаны мойнунан бекитүү керек. Прибордун ички жагы атмосфера менен биригиш үчүн пробирканын жана колбанын шлифтелген бөлүктөрдүн тешиктерин

дал келтирүү керек. Эгерде андай тешиктери жок болсо, анда резина пробкага туурасынан оюкча жасоо керек.

Жогорку жакта көрсөтүлгөн боюнча жасалган капиллярларды резинка аркылуу термометрдин шарикчесинин деңгээлинде эки жагына бекитүү керек. Мында бир учурда термометрдин шкаласы менен капилярдын ичиндеги зат көрүнүп туруш керек (4-сүрөттү кара).

Ысытуунун башында бат жүргүзөт, кийин термометрдин көрсөткүчү эрүү температурасынан 10-15$^0$С төмөн болгондо, ысытуунун ылдамдыгын 1-2$^0$/мин. менен жүргүзөт. Эрүүнү башталышы болуп заттын тышкы көрсөткүчтөрү: тыгыздыгы, бөлүкчөлөрдүн арасында абанын шарчалары пайда болуусу болуп саналат. Зат суюктукка толук өтүү температурасын белгилөө керек. Зат канчалык таза болсо, ошончолук эрүү температурасынын башталышы менен аягынын аралыгы жакын болот.

Практика учурунда заттын эрүү температурасы 1-2$^0$С тун ичинде жүрсө, анда ал зат жарактуу деп эсептелинет.

Так жыйынтыкты алуу үчүн кайрадан аныктоону жүргүзүү керек.

Эгерде заттын балкып эрүү температурасы жогору болсо (200$^0$С тан жогору), капилярды жез зымдын жардамы менен колбага бекитип алуу керек, колба суюктук менен толтурулбайт.

Тиле приборунда эрүү температураны аныктоо жогору жакта жүргүзгөндөй болот.

